| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ |
|---|---|---|

XXIX- чакырылыштын 2- (кезектүү) сессиясы

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

24-январь 2025-ж № 2/3 Чат-Кель айылы

**2025-жылга карата калкты социалдык жактан коргоонун программасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, коомдук угуулардын натыйжаларын эске алуу менен, айылдык кеңештин XXIX чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-жылга карата калкты социалдык жактан коргоонун программасы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиев:
- программанын аткарылышын камсыздасын;
- программанын жарым жылдык, тогуз айдык жана жылдын жыйынтыгы боюнча аткарылыш отчетун берсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет боюнча комиссиясынын төрайымы Абдиева Чинара Толоновнага жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Б.Ибраимов**

З.Кайназарова атындагы айылдык кеңешинин 2025-жылдын 24-январындагы №2/3 токтомунун 1-Тиркемеси

**З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын 2025- жылга карата социалдык программасы**

| № | Тапшырма | Аткарыла турган иш-чара | Акча каражаты |
|---|---|---|---|
| 1. | Жылдын башынан ата-энесинен камкордугусуз калган балдарга жеке план боюнча материалдык жардам көрсөтүү | Мектепке кийим кече, кыш мезгилине көмүр менен камсыздоо, 19 бала | 285000 |
| 2 | Жөлөк пул боюнча арыздын негизинде Социалдык райондук эмгек жана миграция бөлүмү тарабынан каржыланат | Жөлөк пул боюнча арыздар комиссиянын чечиминин негизинде каралат | |
| 3 | 15 февраль Афгандын катышуучуларына материалдык жардам көрсөтүү | Он үч катышуучу 5000 мин сомдон | 65000 |
| 6 | Чернобыль окуясынын катышуучуларына материалдык жардам көрсөтүү | 2 адамга 5000 мин сомдон | 10000 |
| 7 | 1 июнь балдардын күнүнө карата | Үч айылдын балдарына балмуздак таратуу | 60000 |
| 8 | Ишке орноштуруу борбору боюнча жарандар жумуш менен камсыздалат. ( жай,жаз күз, айылды көрктөндүрүү боюнча. | Эмгек акысын 50% айыл өкмөтү , 50% ишке орноштуруу борбору каржылайт | 10 киши 1800 сом. |
| 9 | Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө 28,29-ст. жарандардын бул категриясы үчүн жумуш орундарын квота боюнча андан ары өнүктүрүү үчүн ден соолугугун мүмкүнчүлүктөррү чектелүү адамдарды жана интернаттык мекемелердин бүтүрүчүлөрүн зарыл эмгек шарттарын түзүү жана ишке орноштуруу жөнүндө | Айыл аймактыгы мекмелерге сурамжылоо иштери жүргүзүлдү | Бош жумуш орду ылайык келсе ,жумушка орноштуруу |
| 10 | Социалдык жактан аз камсыз, муктаж болгон үй-бүлөлөрдун балдарына мектепке барганга кийим кече, окуу куралдарга жардам көрсөтүү | Президенттин жарлыгы боюнча 2021-жылдын 13-декабрындан ПЖ №561 жардам көрсөтүлсүн | 20000 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | Социалдык контракт 2021-жылдын 12 октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук программасында белгиленген төмөнкү артыкчылыктуу милдетери ишке ашырууга багытталган.Калктын аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө кайтарылгыз жардам 100000 мин сом берилди | З.Кайназарова айыл аймагында бүгүнкү күндө 19 үй бүлө соц.контракт менен иштешет | |
| 12 | Карылар күнүнө карата 70- жаштан жогору карыяларга азык түлүк баштыкча таратуу | 300 карыя | 300000 |
| 13 | Мүмкүнчүлүгү чектелген кышкы мезгилге көмүргө материалдык жардам көрсөтүү | Мүмкүнчүлүгү чектелген , аз камсыз болгон үй-бүлө, 120 адамга 3000 сомдон | 360000 |
| 14 | Жаны жылга балдарга белек таттуу баштыкчалары таратылат | Аз камсыз, ата энесинин камкордугусуз , мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга Аяз атадан таттуу баштыкчалары таратылат 130 бала | 910000 |
| 15 | Баткен окуясына катышуучуларга мат.жардам көрсөтүү | 2 катышуучу | 10000 |
| 16 | Кургак учук орусу менен орууган жарандарга материалдык жардам көрсөтүү | Транспорт чыгымдарына | 5000 |
| 17 | Арыз менен кайрылган жарандарга (оору же б.а көйгөй боюнча материалдык жардам көрсөтүү | Жардам көрсөтүү | 40000 |
| 18 | Баатыр -эне жана Эне даңкы наамына алгандарга материалдык жардам көрсөтүү | Алуучулар болсо жардам көрсөтүү | 8000 |
| 18 | Үй-бүлөлүк сатанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтирүү боюнча 54 жарлыгын аткаруу | Тушундүрүү иштерин жүргүзүү | |
| | Баардыгы | | 1200000 |